УДК 82.0:82

# "МАНАС" ЭПОСУНДАГЫ КЕН БАЙЛЫКТАР МЕНЕН АСЫЛ ТАШТАРДЫН АТАЛЫШТАРЫ (САГЫНБАЙ ОРОЗБАКОВДУН ВАРИАНТЫ)

***Конурбаева Р.Э.,*** *филол.и.к., КР УИАнын Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият иституту, Кыргызстан, rozakonurbaeva@rambler.ru*

*Бул макалада «Манас» эпосундагы кен байлыктар жана асыл таштардын аталыштары каралган.*

***Түйүн сөздөр:*** *асыл таштар, жаратылыш ресурстары, мезгил, тармак*

# НАЗВАНИЕ ПРИРОДНЫХ РЕСУРСОВ И ДРАГОЦЕННЫХ КАМНЕЙ В ЭПОСЕ "МАНАС" (ВАРИАНТ САГЫНБАЯ ОРОЗБАКОВА)

***Конурбаева Р.Э.,*** *к.ф.н., Институт языка и литературы им. Ч. Т. Айтматова НАН КР, Кыргызстан, rozakonurbaeva@rambler.ru*

*В статье рассматривается названия полезных ископаемых и драгоценных камней, встречающих в эпосе "Манас".*

***Ключевые слова:*** *драгоценные камни, природные ресурсы, период, сеть*

# NAME OF NATURAL RESOURCES AND PRECIOUS STONES IN THE EPIC "MANAS" (OPTION SAGYNBAYA OROZBAKOV)

***Konurbaeva R.E.,*** *Ph.D., Institute of Language and Literature n. a. Ch. Aitmatov NAS KR, Kyrgyzstan, rozakonurbaeva@rambler.ru*

*In the article the names of minerals and precious stones, is found in the epic "Manas".*

**Key words:** metals facades, natural resources, every, network

Республиканын аймагында бийик тоолор, суулар, көлдөр ар кыл токойлор, шалбаалар менен талаалар, табигый жайыттар менен ар кандай кен байлыктар жайгашкан. Алар эл чарбасынын ар түрдүү тармактарын өнүктүрүүгө негиз болот. Ал эми **жаратылыш** деген бири-бири менен тыгыз байланышкан, бири-бирине көз каранды компоненттерден турган бирдиктүү организм.

Жаратылыш – ааламдын материалдык дүйнөсү [1]. Турмушта жаратылыш сөзү табигый жашоо чөйрөсү, табият деген аталыштар менен да колдонулат. Мезгил менен мейкиндик аралыгында чексиз, кыймылда, өзгөрүүдө, өнүгүүдө болгон органикалык жана органикалык эмес бизди курчап турган дүнүйө табият болуп саналат. Кеңири маанисинде табият адамзаттын керектөөлөрү үчүн пайдаланылган жаратылыш

байлыктары болсо, тар маанисинде материалдык өндүрүштүн булагы катары жаратылыш ресурстарынын жыйындысы болуп саналат [2, 499]. Демек, коомдун материалдык, маданий жана башка муктаждыктарын канааттандыруу үчүн табигый ресурстар пайдаланылат. Табигый ресурстарга атмосфералык аба, күн, суу, топурак, өсүмдүктөр менен жаныбарлар дүйнөсү, кен байлыктар кирет. Мына ушул жаратылыштагы байлыктардын баары жерде жайгашкан. Жер астынан жана үстүнөн кен байлыктарды казып алып, керектөөлөргө жумшайбыз. Жашообузду кен байлыктарсыз жана аларды пайдаланбай элестетүү кыйын. Кум, топурак, таштарды курулуш иштеринде иштетсек, нефть, газ, таш көмүрдү отун катары пайдаланабыз, үчүнчүлөрүнөн ээритип, жез, коло, калай, коргошун, алтын, күмүш ж.б. алабыз.

Кыргыз элинин кен байлыктары жана асыл таштары жөнүндөгү маалыматтар “Манас” эпосунда да камтылган. “Манас” эпосу элдин маданиятын, мүнөзүн, рухий дүйнөсүн, көркөм ой жүгүртүүсүн, этностук байланыштарын, кол өнөрчүлүгү менен бирге **кен байлыктарын** чагылдырып турган тарыхый булак болуп саналат. Алсак, эпосто төмөнкүдөй кен байлыктар кездешет:

**Мис** дегенин алыптыр,
Жарыкка салып караса
**Чоюн** чыгып калыптыр.
Бирөө кирди, **жез** – деди,...
**Жез** дегенин алыптыр,
**Темир** чыгып калыптыр.
Бирөө айтты **колону**....
**Коргошун**дан болгону.
Бирөө айтты **калай**ды,
Бириники чын чыкпай
Арстан Манас баатыры
Адаштырды далайды... [3, V 312-б.]

Эпосто кен байлыктар *баштапкы* т.а. тикелей табияттан алына турган түрүндө берилген. Кен байлыктар адамдын жашоосуна абдан керектүү болгондуктан иштетилип, кол өнөрчүлүк өнүккөн.

Кыргыз элиндеги кол өнөрчүлүктүн өнүгүшү турмуш-тиричиликтин зарылчылыгы менен шартталып, байыркы доордон баштап эле калыптанып өнүгүп келген. Көчмөн эл турмуш-тиричилик аракеттерине байланыштуу узакка пайдаланууга ылайыкташтырып, тиричиликке керектүү буюмдарды, боз үйдүн ички, сырткы жасалгаларын, ат жабдыктарын, курал-жарактарды ж.б. жасап, көркөм чыгармачылыктын жогорку деңгээлине чейин жеткире алышкан [4, 14]. Усталар металлга оюу түшүрүп, калыпка металл куйса, экинчилери алтын-күмүштөр менен кооздоо, жасалгалоо чеберчилигин өздөштүрүшкөн. Дагы бирөөлөр жыгачтан, териден, кийизден буюмдарды жасашкан. Мындан биз, кыргыз эли байыртадан бери эле жашоо турмушунун булагы катары мал чарбачылыгын алдыңкы орунга коюу менен бирге кол өнүрчүлүктү кошо ала жүрүшкөнүн билебиз. Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгүнүн эң байыркы түрүнө темир устачылык жана зергерчилик кирет. Темир усталар курал-

жарактарды (айбалта, найза), айыл-чарба шаймандарын, металлды, жыгачты иштеткенге ар кыл куралдарды, элдин күнүмдүк турмушунда дайыма пайдаланылган буюм жана куралдарды: *бычак, казан, кескич, кайчы, ийне, темине, балта, балка, өгөө, аттиш, кычкач* ж.б.у.с. темирден жасашса; *чаканы* калай, коргошундан; *илеген, чылапчындарды* жезден жасашкан. Мындай маалыматтарды эпостон табууга болот:

**Жез** капкактуу казандан
Жетимишин астырып (III, 29-б.);
Суусу агып турсун – деп,
Сары **жез**ден най кылып... (IV, 92-б.);
**Жез** калкандар жаркылдап,
Жер жайнаган көп аскер (IV, 213-б.);
Эки каптал эн **темир**,
Эптеп кылган ээрди (IV, 241-б.)
Тоого чапса таш кескен,
Белге чапса баш кескен
Ай балтасы **болот**тон (IV, 284-б).

Эпостогу бул факты-материалдар кыргыз элинин кен байлыктары, аларды иштетип, колдонуудагы элдин бай тажрыйбасы туурасында так маалыматтардын бири экени шексиз.

Кыргыз элинин кол өнүрчүлүгүнүн бир тармагы болуп саналган зергерчиликте аял затынын зер буюмдары өзүнчө орунду ээлеп, зергерлер *азем буюмдарынын* кайталангыс үлгүлөрүн жаратышкан [5, 58].

Зергерлер азем буюмдарын жасоодо алтын, күмүш, жез коло, коргошун жана акак, жакут, бермет сыяктуу асыл таштарын пайдаланышкан. Асыл таштар – бул кристалл формасында кездешүүчү, табигый казылып алынуучу минералдар. Өздөрүнүн өзгөчө физика-оптикалык касиеттери жана жасалгалык сапаттарына карата көркөм жана зер буюмдарын жасоодо пайдаланылат. Мындай таштардан жасалган буюмдар атадан балага мурас болуп калтырылат. Асыл таштар түссүз же кооз таза түрдө болот, жылтырактыгы, тунуктугу, жарык чыгаруу касиети, бекемдиги, кырдоого ыңгайлуулугу менен айырмаланат. Классификациясы боюнча асыл таштар 4 класска бөлүнөт: 1-класс – алмаз, рубин, көк сапфир, зымырт (изумруд). 2-класс – александрит, асылтектүү кара опал, асылтектүү жадеит жана башка 3-класс – асылтектүү шпинель, асыл тектүү ак жана оттуу опал, аквамарин, топаз, родонит, кызыл турмалин жана башка 4-класс – хризолит, циркон, кунцит, сары, жашыл, мала кызыл берилл, пироп, альмандин, бирюза, аметист, хризопраз, цитрин жана башка 1-класска мындан сырткары моллюсктардын денесинде пайда болчу бермет кошулат [6].

Аталган асыл таш кендеринин арасынан эпосто абдан көп колдонулгандары **алтын, күмүш, акак, жакут, зумурут, инжу, каухар**.

Ташы **көөхар**, суусу бал
Салтанатын карап ал.
**Зумурат, көөхар** – терек тал... (III, 42-б.);
**Алтын** менен **күмүштү**, албарс менен болотту

Аспап кылып урунуп,
Алып жүрбүз темир – деп (III, 267-б.);
Суу түбүндө кумдары
**Инжу – маржан, берметтен** (IV, 201-б.);
**Зумурут, бермет, көөкардан**
Ага кирген бендеси
Абыдан чагар кумардан.
**Лагыл, жакут** таштары,
Карымактык анда жок (V, 201-б.)

Эпосто **алтын, күмүш, акак, жакут, зумурут, инжу, каухар** асыл таштар өтмө мааниде берилет. Көбүнчө аял затынын көзү көөхарга, тишинин актыгы акак, шурудай тизилген тиши бермет ташына салыштырылып сүрөттөлөт:

**Бермет** тиштүү, кара каш (V, 60-б.);
Эрини **акак**, **көөкар** көз... (V, 83-84-б.);
Эрини **акак жакут** тиш (IV, 97-б.);
**Акак** тиштүү, кыйгач каш, жазык маңдай, түймө баш (III, 93-б.);
**Кызыл жакут** жүздөнгөн
Кырк сулуу кыз алыңар (V, 189-б.)

Ал эми 4 класстагы асыл таштардын айрым түрлөрү алсак, **алмаз, сапфир, бирюза, топаз, аметист** сыяктуу таштар жана алардан жасалган буюмдардын аталыштары кездешпейт. Демек, аталган асыл таштардын түрү иштетилбегенинен кабар берет.

**Күмүш** жаратылышта таза түрүндө аз кездешет. Зергерлер аял затынын аземдерин жасоодо жамбы деп аталган уй, төө, кой көздөрүнүн көлөмүндөгү, картошка формасындагы сүйрү "шаңшуур", "чочпара", ошондой эле койдун бөйрөгүндөй, тайдын туягындай таза күмүштөрдү пайдаланышкан (7,31). Алсак, эпосто: Таардан куржун бүктөшүп,

**Жамбыны** таштай жүктөшүп (III, 194-б.);
Алты атанга **жамбы** алып (III, 151-б.);
Чабадан жарып, **жамбы** алып (III, 251-б.);
Азыр жүрсөң баарыңар
Казынан кашына.
**Ак жамбынын** баары бар (V, 189-б.)

Аял затынын асыл буюмдарына *шакек, билерик, сөйкө желбирөөч, чолпу, төөнөгүч, бой тумар* жана башка буюмдар кирет. Бул буюмдар аял затынын жаш курагы, социалдык абалы, коомдо ээлеген орду жана азем буюмдардын кайсы кийимге тагылышы, дененин кайсы мүчөсүнө бекитилиши боюнча айырмалат. Аталган айырмачылыктардын негизинде салтуу зер буюмдары төмөнкүдөй топторго бөлүнөт: 1) баш кийимдерине (*элечек, кеп такыя, топу, шөкүлө*) тагылуучу асыл буюмдары; 2) чачка тагылуучу азем буюмдары (*чач кап, чач учтук,чолпу*.) кулакка тагылуучу асыл заттар (*сөйкө*); моюнга тагылуучу асыл заттар (*мончоктор, шурулар*); кийимге тагылуучу кооздуктар (*төөнөгүч, топчу*); белге тагылуучу асыл заттар (*кур)*; колдун

манжасына жана билекке кийгизилүүчү асыл заттар (*билерик, шакек*). Аталган асыл заттардын ичинен эпосто *билерик* кездешет.

**Берметтен** кылып беттигин,
**Көөкар** тааштан көз көз кылып,
**Зери забар** (тоо хрусталы) асыл таш
Чекеге кылып четтигин,
Алтындан айдар тактырып (V, 192-б.)
Билериги зумурут,
Карк алтынган бөлөнгөн (V, 195-б.)
**Зеру забар**, инжууден,
Алы келбес адамдын
Сыпатын өлчөп айтуудан.. (V, 202-б.)
Зумурут, көөкар, шам чырак (V, 214-б.)
Ак күмүш эмес калайбыз (V, 306-б.)
Бири калай, бири мис,
Бири чоюн, бири жез
Коло да бар коргошун (V, 311-б.)

Кыргыздардын бардык күнүмдүк турмуш-тиричиликтери кол өнөрчүлүк менен байланышкан. Керектүү буюмдарын жаратылышта кездешкен материалдарды пайдаланып жасашкан. Эпосто жез, темир, күмүш, алтын сыяктуу металлдардан жасалган буюмдардын аталыштары да көп кездешет.

**Колдонулган адабияттар:**

1. https://ru.wikipedia.org/wiki/
2. Кыргыз совет энциклопедиясы. – Фрунзе, 1980.
3. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. III,V т. – Б.: Турар, 2014
4. Антипина К.И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства Южной Киргизии. – Ф.: 1962
5. Бекташова В. Кыргыз аялдарынын салттуу зергер буюмдары. Тарых илимд.канд...дис. автореф. – Б.: 2009.
6. http://www.rings.ru/
7. Акматалиев А. Көркөм кол өнөрчүлүк. – Фрунзе, 1984.

**Рецензент:** д. филол. н., профессор Маразыков Т.С.

УДК 82.0:82-95

## «МАНАС» ЭПОСУН ОКУП-ҮЙРӨНҮҮГӨ ЖАНА ИЛИМИЙ ТААНУУГА Ч.ВАЛИХАНОВДУН КОШКОН САЛЫМЫ З.МАМЫТБЕКОВДУН ИЗИЛДӨӨСҮНДӨ